# Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2013-жылдын ноябрь айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




Финансы министрлигинин мамлекеттик казына векселдеринин жайгаштыруунун чогуу алгандагы көлөмү ноябрь айында 372,0 млн. сомду түзүү менен 36,3 пайызга төмөндөгөн.

Коммерциялык банктардын активдүүлүгүнүн төмөндөөсүнөн улам, суроо-талаптын көлөмү 14,8 пайызга, 878,5 млн. сомго чейин азайган. Жыйынтыгында, жүгүртүү мөөнөтү үч ай болгон МКВлардын сегментинде сатуулар 6,5 эсеге (18,0млн. сомго чейин) жогорулаган. Алсак, жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВларды сатуу 13,5 пайызга, 90,0 млн. сомго чейин; жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВларды сатуу – 44,5 пайыга төмөндөгөн, бул 264,0 млн. сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 0,5 пайыздык пунктка төмөндөө менен 8,3 пайыз өлчөмдө түптөлгөн. Ноябрь айында жүгүртүү мөөнөтү 6 жана 12 ай болгон баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү тиешелүүлүгүнө жараша 6,4 пайызды (-0,1 пайыздык пунктту) жана 9,3 пайызды (-0,2 пайыздык пунктту) түзгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгү – ай ичинде 0,4 пайыздык пунктка жогорулап, 4,9 пайызды түзгөн.

**2-график. МКВ аукциондордун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**



Суроо-талаптын аукциондо[1] белгиленген орточо көлөмү ноябрь айында өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 6,5 пайызга көбөйүү менен 219,6 млн. сомду түзгөн, сатуулардын аукциондо белгиленген орточо көлөмү, тескерисинче, 10,2 пайызга, 93,0 млн. сомго чейин төмөндөгөн.

Бюджеттин тартыштыгын таза каржылоо өлчөмү ноябрь айында -135,6 млн. сомго чейин төмөндөгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, Финансы министрлиги тарабынан 485,5 млн. сом суммасында мурда эмитирленген МКВларды ордун жабуу жүргүзүлгөн. Буга байланыштуу таза каржылоонун суммардык маанисинин айкын наркы боюнча сатуулардын чогуу алгандагы көлөмүнө карата катышы катары эсептелинген МКВ рыногунун эффективдүүлүгү жыл башынан бери 9,1 пайызды түзүү менен, октябрь айынын акырына карата көрсөткүчүнө салыштырмалуу 3.7 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Жүгүртүүдөгү МКВлардын көлөмү ноябрь айында өткөн айга салыштырмалуу 4,6 млрд. сомго чейин (-3,1 пайызга) төмөндөгөн: төмөндөө 10,3 пайызды түзүү менен, резидент- юридикалык жактардын портфелине таасирин тийгизген (-1,8 пайыздык пункт).

Коммерциялык банктардын үлүшү, тескерисинче, 3,0 пайыздык пунктка, институционалдык инвесторлордун үлүшү – 0,6 пайыздык пунктка көбөйгөн. Резидент – жеке адамдардын салыштырма салмагы өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу өзгөрүүсүз калган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, экинчилик рынокто МКВ менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

%

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Ноябрь'2012 | 9,3 | 5,7 | 7,0 | 10,1 |
| Декабрь | 9,0 | 5,2 | 6,8 | 9,5 |
| Январь '2013 | 8,6 | 5,6 | 6,7 | 9,7 |
| Февраль | 8,4 | 5,3 | 6,5 | 9,5 |
| Март | 8,4 | 5,3 | 6,8 | 9,5 |
| Апрель | 8,4 | 5,0 | 6,1 | 9,5 |
| Май | 9,2 | 5,0 | 6,5 | 10,2 |
| Июнь | 9,1 | 5,1 | 6,5 | 10,0 |
| Июль | 8,1 | 4,9 | 6,4 | 9,6 |
| Август | 8,4 | 4,5 | 6,5 | 9,4 |
| Сентябрь | 8,4 | 3,5 | 6,5 | 9,4 |
| Октябрь | 8,9 | 4,5 | 6,5 | 9,5 |
| Ноябрь | 8,3 | 4,9 | 6,4 | 9,3 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-таблица. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банк | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке адамдар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес адамдар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.12.2012 | 4 056 400,0 | 0,0 | 0% | 3 380 671,7 | 83,3% | 616 562,8 | 15,2% | 7 139,0 | 0,2% | 50 946,5 | 1,3% | 1 080,0 | 0,03% |
| 01.01.2013 | 4 099 690,0 | 0,0 | 0% | 3 406 475,2 | 83,1% | 638 306,1 | 15,6% | 7 119,0 | 0,2% | 46 709,7 | 1,1% | 1 080,0 | 0,03% |
| 01.02.2013 | 4 201 340,0 | 0,0 | 0% | 3 539 406,2 | 84,2% | 609 356,1 | 14,5% | 4 788,0 | 0,1% | 46 709,7 | 1,1% | 1 080,0 | 0,03% |
| 01.03.2013 | 4 371 370,0 | 0,0 | 0% | 3 641 839,9 | 83,3% | 571 776,1 | 13,1% | 5 289,0 | 0,1% | 151 385,0 | 3,5% | 1 080,0 | 0,02% |
| 01.04.2013 | 4 562 700,0 | 0,0 | 0% | 3 614 332,9 | 79,2% | 588 790,7 | 12,9% | 5 289,0 | 0,1% | 353 207,4 | 7,7% | 1 080,0 | 0,02% |
| 01.05.2013 | 4 501 700,0 | 0,0 | 0% | 3 454 972,8 | 76,7% | 620 290,7 | 13,8% | 5 106,2 | 0,1% | 420 250,3 | 9,3% | 1 080,0 | 0,02% |
| 01.06.2013 | 4 578 520,0 | 0,0 | 0% | 3 358 623,7 | 73,4% | 523 396,4 | 11,4% | 3 121,2 | 0,1% | 693 378,7 | 15,1% | 0,0 | 0,00% |
| 01.07.2013 | 4 765 570,0 | 0,0 | 0% | 3 471 615,4 | 72,8% | 575 694,8 | 12,1% | 3 121,2 | 0,1% | 715 138,6 | 15,0% | 0,0 | 0,00% |
| 01.08.2013 | 4 768 320,0 | 0,0 | 0% | 3 539 517,5 | 74,2% | 583 276,8 | 12,2% | 2 945,2 | 0,1% | 642 580,5 | 13,5% | 0,0 | 0,00% |
| 01.09.2013 | 4 846 990,0 | 0,0 | 0% | 3 495 177,5 | 72,1% | 675 776,8 | 13,9% | 2 945,2 | 0,1% | 673 090,5 | 13,9% | 0,0 | 0,00% |
| 01.10.2013 | 4 661 140,0 | 0,0 | 0% | 3 515 157,5 | 75,4% | 601 401,8 | 12,9% | 2 945,2 | 0,1% | 541 635,5 | 11,6% | 0,0 | 0,00% |
| 01.11.2013 | 4 706 640,0 | 0,0 | 0% | 3 474 129,5 | 73,8% | 579 863,3 | 12,3% | 3 494,2 | 0,1% | 569 153,0 | 12,1% | 0,0 | 0,00% |
| 01.12.2013 | 4 562 140,0 | 0,0 | 0% | 3 502 372,1 | 76,8% | 587 863,3 | 12,9% | 3 494,2 | 0,1% | 468 410,4 | 10,3% | 0,0 | 0,00% |

[1] Бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат, анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруксуз өлчөм болуп саналат.